«Керемет Банк» ААКсы

# “Керемет Банк” ААКсында банктык эсептерди жана банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсепти ачуунун Эрежелери

## 1. Жалпы жоболору

1.1. “Керемет Банк” ААКсында (мындан ары – Банк) банктык эсептирди жана банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептерди ачуу Эрежелери (мындан ары – Эрежелер) банктык эсептерди, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептерди (мындан ары – эсептер, айрым жерлеринде – эсеп) ачуу жана тейлөөгө алуу тартиптерин аныктайт.

1.2. Ушул Эрежелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Ушул Эрежелер жана Банктын Тарифтери Интернет тармагында, www.keremetbank.kg дареги боюнча Банктын расмий веб-сайтында, ошондой эле Кардарларды тейлөөгө алган Банктын бөлүмдөрүнүн маалымат такталарында жайгаштырылган.

1.4. Банк бир тараптуу негизде ушул Эрежелерди өзгөртүүгө укуктуу. Ушул Эрежелерге киргизилген өзгөртүүлөр, ал күчүнө киргенге чейинки 10 (он) жумуш күнүнөн кечиктирилбестен, Банктын бөлүмдөрүнүн расмий такталарында жана Интернет тармагында, www.keremetbank.kg дареги боюнча Банктын расмий веб-сайтында жайгаштыруу жолу менен Кардарга чейин жеткирилет.

## 2. Колдонулган терминдер

2.1. Банктык аманат (депозит) – талап кылуу мөөнөтү же болбосо жагдайлар (шарттар) келишимде белгиленген мөөнөт келип жеткенге (жетпегенге) чейин, сактоо жана киреше алуу максаттарында жеке адамдар же юрикалык жаткар тарабынан Банкта жайгаштырылган улуттук же чет өлкө валютасындагы акча каражаты.

2.2. Банктык эсеп – бул, банктык эсеп, банктык аманат келишими, мыйзамдар тарабынан каралган жана ишкер жүгүртүү салттарында банктык тажрыйбада колдонулуп келген банктык аманатты (депозитти) кабыл алуу жана/же кардарды банктык тейлөөнү жүзөгө ашыруу менен байланыштуу болгон Банк менен Кардардын ортосундагы келишимдик мамилелерди чагылдыруу ыкмасы.

2.3. Бенефициардык ээлик кылуучу – бул, жыйынтыгында (ээлик кылуу жана контролдук түрмөгүндө) тикелей же кыйыр түрүндө (үчүнчү жактар аркылуу) менчикке ээлик калыган же анын атынан, же кызыкчылыгында операцияларды (бүтүмдү) жүзөгө ашырган кардарды же жеке адамды контролдукка алган жеке адам (жеке адамдар).

2.4. Эсептешүү (утурумдук) эсеп – бул, акча каражаттарын сактоо жана банктарды эске албаганда, банктык эсеп келишими боюнча юрдикалык жаткар жана жеке ишкерлер (келип түшүү, төлөп берүү, башка жеке адамдар жана юридикалык жактар менен өз ара эсептешүү, башка финансы-кредиттик мекемелерге которуулар), ошондой эле, жеке адамдар (резиденттер) - ушул Жобонун талаптарына ылайык, айыл чарба өндүрүүчүлөрү тарабынан утурумдук эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн каралган эсеп.

2.5. Банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер, каражатты топтоо жана сактоо, ошондой эле төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү өткөрүү үчүн каралган. Банктык аманаттар (депозиттер) пайыздык жана пайыздык эмес болушу мүмкүн. Келишим шарттарына жараша, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер төмөнкүлөргө бөлүнүшү мүмкүн:

- талап кылуу боюнча банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер;
- мөөнөттүү банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер;
- кайтарып берүүнүн башка шарттарындагы аманаттар боюнча эсептер.

2.6. Мөөнөттүү банктык аманат (депозит) боюнча эсеп – бул, жеке адам же юридикалык жак мөөнөттүү банктык аманат келишими боюнча белгилүү бир мезгил аралыгына, чегерилген пайыздар боюнча пайыз алып келген акча каражатын салган эсеп.

Мөөнөттүү банктык аманат (депозит) боюнча эсеп акча каражатын топтоо жана сактоо үчүн каралган, үчүнчү жактар менен эсептешүү үчүн каралган эмес.

2.7. Талап кылуу боюнча банктык аманат (депозит) эсеби – бул, талап кылуу боюнча банктык аманат (депозит) келишими боюнча акча каражатын сактоо жана топтоо, ошондой эле төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн каралган эсеп. Банк менен аманатчынын – талап кылуу боюнча банктык аманат (депозит) боюнча жеке адамдын мамилелерине, эгерде банктык аманат (депозит) келишими маңызынан башкасы келип чыкпаса, банктык эсеп келишиминин эрежелери колдонулат. Мында, жеке адамдардын талап кылуу боюнча банктык аманат (депозит) эсебине эмгек акы, автордук сый акылар, пенсия, алименттер, социалдык жөлөк пулдар, башка банктык эсептердин каражаттары, мураскорлук менен байланыштуу төлөмдөр, эсептин ээсине таандык болгон жеке буюмдарды сатуудан төлөмдөр, акчалай которуулар (анын ичинде эсеп ачуусуз ишке ашырылган акчалай которуулар тутуму боюнча) жана насыяларды кошо алганда, башка келип түшүүлөр жана төлөмдөр кирет. Жеке адамдын талап кылуу боюнча банктык аманат (депозит) эсебинен кардар, жеке максаттар үчүн сатылып алынган товарлар (көрсөтүлгөн кызматтар) үчүн төлөмдөрдү, акча которууларын (анын ичинде эсеп ачуусуз ишке ашырылган акчалай которуулар тутуму боюнча), коммуналдык төлөмдөрдү жана жеке мүнөздөгү ушул сыяктуу төлөмдөрдү кошо алганда, жеке мүнөздөгү төлөмдөрдү жүзөгө ашыра алат.

2.8. Электрондук кол тамга – электрондук формадагы башка маалыматка бириктирилген жана (же) аны менен акылга сыярлык байланыштуу болгон жана анын атынан маалыматка кол койгон адамды аныктоо үчүн колдонулган электрондук формадагы маалымат.

2.9. Жөнөкөй электрондук кол тамга – электрондук кол тамга, электрондук кол тамганын өзү менен шайкеш келген кол тамганын ачкычы (коддору, паролдору жана баша идентификаторлору). Жөнөкөй электрондук кол тамга, кардардын жеке кол тамгасына тең келген катары таанылат.

## 3. Эсептерди ачуу жана тейлөөгө алуунун жалпы тартиби

3.1. Кардарга эсеп, толук документтери жана Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык, зарыл болгон маалыматтар берилгенден кийин, арызынын негизинде Банктын бөлүмдөрүндө же аралыктан туруу ыргагында ачылат.

3.2. Кардар-жеке адамдар үчүн, Кардардын жеке акча каражаттарынан тышкары, анын эсебине эмгек акы, автордук сый акылар, пенсия, алименттер, социалдык жөлөк пулдар, башка эсептерден каражаттар, мураскорлук менен байланыштуу төлөмдөр, эсептин ээсине таандык болгон жеке буюмдарды сатуудан төлөмдөр, акчалай которуулар (анын ичинде эсеп ачуусуз ишке ашырылган акчалай которуулар тутуму боюнча) жана башка келип түшүүлөр жана төлөмдөр чегерилиши мүмкүн.

3.3. Банктык аманаттар (депозиттер) талап кылуу мөөнөтү же болбосо жагдайлар (шарттар) келишимде белгиленген мөөнөт келип жеткенге (жетпегенге) чейин, сактоо жана киреше алуу максаттарында ачылат.

3.4. Кардардын макулдугусуз эсепке тиешелүү болгон кайсыл болбосун маалымат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган гана учурларда жана тартиптерде үчүнчү жакка берилиши мүмкүн

3.5. Банктык эсепти ачуу жана алып жүрүү Келишимине, мөөнөттүү банктык аманат (депозит) боюнча эсеп Келишимине (мындан ары – Келишимдер, айрым жерлерде – Келишим) кол коюу менен Кардар, ал акча каражатынын мыйзамдуу ээлик кылуучусу же болбосо акча каражатына ээлик кылуучунун (бенефициардык ээлик кылуучунун) мыйзамдуу өкүлү жана анын эсебине келип түшкөн акча каражаттарынын булагы мыйзамдуу/легалдуу экендигин тастыктайт, ал дагы тиешелүү документтер менен далилденет. Аралыкта туруу ыргагында эсепти ачуу учурунда Келишим жөнөкөй электрондук кол тамга менен коюлат, ал эми аралыктан туруп идентификациядан өткөн Кардар, Келишимге жөнөкөй кол тамга

коюу менен ушул Эрежеге карата №1-тиркемеде белгиленген чектөөлөр менен тааныштыгын жана макулдугун билдирет.

3.6. Кардар, анын эсебинде турган акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, анын ичинде “Керемет Банк” ААКсынын банктык төлөм картын алуу жана пайдалануу Эрежелеринде каралган шарттарда банкттык картты алуу жана Дистанттык банктык тейлөө кызматтарын сунуштоо жана пайдалануу Эрежелерине (Ачык оферта) кошулуу аркылуу, эсепти дистанттык банкинг (интернет банкинг, мобилдүү банкинг) аркылуу башкаруу жолу менен өз алдынча тескөөгө алууга укуктуу. “Керемет Банк” ААКсынын банктык төлөм картын алуу жана пайдалануу Эрежелери жана жана Дистанттык банктык тейлөө кызматтарын сунуштоо жана пайдалануу Эрежелери (Ачык оферта) Интернет түйүндө, www.keremetbank.kg. дареги боюнча жайгашкан Банктын расмий веб-сайтында жарыяланган.

3.7. Кардар Банкта ачылган өздүк эсептери боюнча маалым-каттарды талап кылууга, ошондой эле алынган маалым-каттар боюнча сын пикирлерин билдирүүгө укуктуу, мында, сын-пикирлер Кардар тарабынан маалым-кат алынгандан кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде берилиши керек.

3.8. Кардар-жеке адамга ачылып жаткан эсеп, Кардар тарабынан коммерциялык жана башка ишкердикти жүргүзүүсү менен байланыштуу эсептешүүлөрдү аткаруу үчүн каралган эмес.

3.9. Кардар Банк тарабынан сунушталган кызматтарды кандайдыр бир мыйзамсыз максаттарга пайдаланбастыгына; террорчулукту каржылоо жана кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легализациялоого (актоого) багытталган эч кандай аракеттерди аткарбастыгына милдеттенме берет.

3.10. Кардар, террорчулукту каржылоо жана кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легализациялоонун (актоонун) алдын алуу (мындан ары ТКжКАКЛ) боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоого, ошондой эле, ТКжКАКЛ маселелерин жөнгө салган Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, Кардар тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан операцияларга тиешелүү Банк тарабынан талап кылынган маалыматтар менен документтерди берүүгө милдеттенме алат. Мында Банк келишимдерден, биринчилик документтерден (эсеп-фактура, коштомо кагаз, инвойс жана башкалар) тышкары, каржы документтеринин көчүрмөлөрүн, Кардардын отчеттуулугун, операциялардын экономикалык маңызы тууралуу Кардардын түшүндүрмөлөрүн, акча каражаттарынын келип чыгуу булактарын, контрагенттер/төлөмдү алуучулар тууралуу маалыматты жана башка документтерди талап кылууга укуктуу.

3.11. Кардар эсеп боюнча операцияларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул Эрежеге жана Банк менен келишилген келишимдин алкагында, эсепте турган акча каражаттарынын чегинде аткарууга милдеттенме алат.

3.12. Кардардын эсеби боюнча кайсыл болбосун операциялар, эгерде башкасы Келишим жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаса, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, эсептеги акча каражатынын калдыгынын чегинде таризделинген төлөм документинин негизинде алынган кат жүзүндөгү тескемеси алынгандан кийин жүзөгө ашырылат.

3.13. Банк эсеби боюнча операция өткөрүү учурунда Кардар төлөмдүн багытын белгилеп, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары менен белгиленген талаптарга ылайык таризделген төлөм документтерин банкка берүүгө милдеттүү. Эгерде өткөрүлүүчү оперциянын экономикалык максаты жана/же мыйзамдуулугу күмөн жаратса Банк операциянын мыйзамдуулугун жана экономикалык максаттуулугун ырастоочу документтерди талап кылууга укуктуу. Мындай документтерге кардарга берилген эсептер, кардар менен түзүлгөн келишимдерг, төлөм документтери (мисалы, инвойстор, эсеп-фактуралары) ж.б. кириши мүмкүн.

3.14. Кол тамгалар үлгүсү жана мөөрлөрдүн (эгерде мөөрү болсо) оттиски карточкасында гана белгиленген кол тамгалар жана ыйгарым укуктар анык болуп саналат. Эгерде, ыйгарым укуктуу жактын карточкасында белгиленген жок дегенде бир кол тамга жана/же мөөр алмашкан же толукталган, фамилиясы, аты, атасынын

аты өзгөргөн болсо, юридикалык жактын уюштуруу-укуктук формасынын аталышы өзгөргөн учурда, Кардар тарабынан банкка кол тамга үлгүлөрү жана мөөр оттиски менен жаңы карточка берилет.

3.15. Кардар тарабынан электрондук документтер жөнөкөй электрондук кол тамга менен коюлган учурда, Кардар электрондук документти өз колу менен койгон кагаз жүзүндөгү документке тең келе тургандыгын тааныйт.

3.16. Эгерде кардар, анын эсебинде калган акчадан ашкан суммага Банкка бир нече тапшырма берген болсо, Банк операцияларды эсептеги калган каражаттын чегинде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, өз ыктыяры менен ишке ашырат.

3.17. Эсеп боюнча баардык операциялар жана төлөмдөр эсеп валютасында ишке ашырат.

3.18. Кардардын пайдасына чет өлкө валютасында келип түшкөн акча каражаттары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ТКжКАКЛ тармагындагы талаптарын сактоо шарттарында, тиешелүү корреспондент-банктын эсеп боюнча көчүрмөсү алынган күндөн кийинки келе турган жумуш күнөн кечиктирилбестен чегерилет. Кардардын эсебине акча караждаттарын чегерүүгө негиз болгон документтер толук эмес, бурмаланган, так эмес же карама-каршы келген маалыматтарды камтыган учурда, же андай документтери жок болсо, Банк зарыл болгон маалымат алынганга чейин, ошондой каражаттарды эсепке чегерүүнү кармап турууга укуктуу. Ошондой эле Банк, акча каражаттарын эсепке олтургузууга негиз болгон документте Кардарды идентификациялоо үчүн зарыл болгон, же болбосо Кардардын аткарып жаткан операциясын экономикалык маанисин түшүнүү үчүн жетиштүү болгон маалымат жок болсо, туура эмес маалымат орун алганда, сумманы жөнөтүүчүгө кайтарып берүүгө укуктуу.

3.19. Кардар, зарыл болгон тастыктама документтерин кошо тиркөө менен бир банктык күн ичинде бардык өзгөрүүлөрү тууралуу (мамлекеттик кайра каттоо, почта жана банк реквизиттерин, биринчи жана экинчи кол тамга коюу укугуна ээ жетекчилеринин/кызмат адамдарынын өзгөргөндүгүн, мөөрдүн жана чек китепчесинин жоголгондугун ж.б.) кат жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

3.20. Кардар тарабынан ушул Эреженин 3.18-пунктуна ылайык, өзгөрүүлөр киргени тууралуу Банкка өз учурунда билдирүүсү орун албаса, Келишимде же болбосо Банкта сактоодо турган Кардардын маалыматтык билдирмелеринде белгиленген Кардардын акыркы белгилүү болгон дареги боюнча которуу жөнөтүлгөн болсо, Банктан кеткен чыгыш тиешелүү нукта кабыл алынган болуп саналат, мында эгерде төлөм документин аткарууга кабыл алуу күнүнө карата ошол адамдар кол тамгалар үлгүсү жана мөөр оттиски карточкасында белгиленип, Банк болсо ушул Эреженин 3.18-пунктуна ылайык ошол адамдардын ыйгарым укуктары жокко чыгарылган/токтотулгандыгы тууралуу Кардардан өз учурунда кат жүзүндөгү билдирмени албаган болсо, Банк ыйгарым укуктары токтотулган адамдар тарабынан кол коюлган Кардардын тапшырмасын аткаруудан улам келип чыккан жагдайлар үчүн жоопкерчилик албайт.

3.21. Банк, төмөнкү учурлар орун алганда, Кардардын эсеби боюнча операцияларды аткаруудан баш тартууга укуктуу:

- Банктын комиссиясын жана чыгашаларын эске алуу менен акча каражаттарын которуу жөнүндө тапшырманын суммасы Кардардын эсебиндеги калган акча каражаттарынын суммасынан ашып түшсө;
- Кардардын тапшырмасын аткаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул Эрежеге жана Келишимге каршы келсе;
- төлөм реквизиттери туура эмес белгиленсе;
- эсептешүү документтеринин, банктык эрежелердин, эл аралык банк стандарттары, салттары жана тажрыйбаларынын таризделиниши техникасы бузулган болсо;
- Кардар Банктын кызматы үчүн комиссияны төдөбөгөн учурда;
- Кардар талап кылынган документтерди, анын ичинде Кардарды тиешелүү текшерүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана/же документтерди берүүдөн баш тартса;

- өткөрүлүп жаткан операциялардын экономикалык максатын жана мыйзамдуулугун, ошодой эле акча каражатынын келип чыгуу булагын жана бенефициардык ээсин жана аныктоо жана контрагент жөнүндө маалыматты билүү үчүн талап кылынып жаткан кошумча документтерди кардар 10 (он) күн ичинде банкка бербесе.
- Кардар тарабынан өткөрүлгөн операциялар шектүү деп табылса жана/же аларга жогорку тобокелдик деңгээли берилсе, кардар тарабынан тиешелүү документтер берилгенге чейин, талап кылынып жаткан документтерди күтүү учуруна карата.
- эсепке арест коюлган учурда, эсеп боюнча операцияларды токтото туруу/тоңдуруп туруу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.
- Эгерде АКШ (OFAC), Европа биримдигинин (ЕБ) мамлекеттеринин, Улуу Британиянын жана башка өлкөлөрдүн санкциясында турган товарлар/кызматтар операция предмети болуп саналса, ошондой эле операция кандайдыр бир себептер менен АКШ (OFAC), Европа биримдигинин мамлекеттеринин, Улуу Британиянын жана башка өлкөлөрдүн санкциясына кабылышкан адамдар менен байланыштуу болсо.

3.22. Эгерде Кардардын АКШга тиешелүүлүгү бар болгон болсо (Кардардын анкетасында белгиленген маалыматтар боюнча) Банк, Кардар жана анын операциялары тууралуу маалыматтарды FATCA[1] мыйзамынын талаптарына ылайык, тиешелүү органдарга берүүгө укуктуу.

3.23. Эгерде, төмөнкүлөр орун алган шартта, эсепти жабууну болжолдоп жаткан күнгө чейинки бир календарлык ай ичинде Кардарга алдын-ала билдирүү менен Банк, Келишимди бир тараптуу негизде жокко чыгарууга укуктуу:

- Кардардын эсебинде турган акча каражатынын суммасы Банктын Тарифтери жана/же Келишим тарабынан каралган минималдуу көлөмдөн аз болсо.
- эсепте акча каражатынын жокутугу же эсеп боюнча 6 ай аралыгында кыймыл орун албаса;

3.23-1. Банк, Келишимди бир тараптуу негизде жокко чыгарууга укуктуу, эгерде:

- эсеп боюнча операцияны өткөрүү үчүн Кардарды жана бенефициардык ээлик кылуучуну идентификациялоо жана верификациялоо талаптарын аткаруу, ошондой эле Кардарды тиешелүү текшерүүнүн башка чараларын ишке ашырууга зарыл болгон документтер берилбесе;
- эсеп боюнча операцияларды өткөрүү үчүн зарыл болгон, жүзөгө ашырылып жаткан операциянын экономикалык максаттуулугун жана Кардар тарабынан айкын экономикалык ишкердикти жүзөгө ашырып жатканын тастыктаган тиешелүү документтер берилбесе;
- анык эмес документтер берилгенде;
- аталган Кардарга карата, Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдерине ылайык алынган, террорчулук ишкердикке жана/же кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легализациялоо (актоо) ишкердигине катышкандыгы тууралуу маалымат орун алса.

3.24. Банктын алдында аткарылбаган жана карыздык милдеттенмелеринин жоктугу шартында, эсепти жабуу тууралуу Банкка кат жүзүндөгү арызды берүү менен Кардар Келишимди бир тараптуу негизде жокко чыгаруу укугуна ээ.

3.25. Эсепти жабуу учурунда Банк, Кардар эсепти ачуу жана эсепти тейлөө учурунда берген документтерди кайтарып бербейт.

3.26. Эгерде кардар Келишим аракети аяктаган учурда аманатты талап кылбаса жана Келишим шарттары боюнча аны узартуу каралбаса же аны аткаруу мүмкүн болбосо, анда аманат суммасы жана анын пайыздары талап кылуу боюнча эсепке которулат.

3.27. Келишим жокко чыгарылган учурда, акча каражатынын калдыгы Кардарга накталай кайтарылып берилет же Кардардын кат жүзүндөгү тапшырмасы боюнча,

[1] Эл аралык эсептер боюнча салык отчеттуулугу тууралуу АКШ мыйзамы, 2010-ж. (англ. Foreign Account Tax Compliance Act)

Кардардан кат жүзүндөгү тапшырма алынган учурдан тартып, Кардар көрсөткөн реквизиттер боюнча 5 банк күнү ичинде анын башка эсебине которулат.

3.28. Кардар аманатты үчүнчү жактарга күрөөгө (кайталап күрөө) бере алат жана Банктын алын-ала кат жүзүндөгү макулдугун алуусуз талап кылуу укугун (пресси) өткөрүп берүү келишимин түзө алат.

3.29. Банк, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, ыйгарым укуктуу органдардын документтеринин негизинде, Кардардын макулдугусуз эсепти тескөөгө алуу боюнча Кардардын укугун чектеп коюуга, ошондой эле (акцептсиз тартипте) эсептен акча каражаттарын эсептен алып салууну аткарууга укуктуу:

- анын ичинде Кардарды эсепттик тейлөөгө алуусу жана операция аткарылган күнгө карата жана операция аяктаган кайсыл болбосун күнү, эсеп боюнча операция өткөргөндүгү үчүн Банктын колодонууга тарифтерине ылайык, Банктын комиссиялык төлөмдөрү боюнча, ошондой эле, Кардардын Келишим шарттарын аткарбагандыгы же алгылыксыз аткаргандыгы үчүн неустойка жана башка бирөөнүн акча каражаты менен колдонгондугу үчүн пайыздар боюнча Кардардын Банктын алдындагы милдеттенмесин жабуунун эсебине;
- кайсыл болбосун келип чыккан негиздер боюнча Кардардын Банктын алдындагы карызын жабуунун эсебине;
- Кардар менен ишкер мамилелердин жүрүшүндө келип чыккан Банктын чыгашаларын компенсациялоонун эсебине;
- Банк Кардардын эсебине акча каражатын туура эмес которуп алганда;
- Кыргыз Республикасынын Салык Кодекси тарабынан каралган тартипте салык органдары тарабынан берилген салыктык талап документтеринин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан каралган башка аткаруу документтеринин негизинде;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан каралган негиздерде жана/же учурларда.

## 4. Банктык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө жана эсептешүүлөр тартиби

4.1. Кардар, эсеп боюнча эсептешүү-кассалык тейлөөгө алуу жана операцияларды өткөргөндүгү үчүн Банктын комиссиясын Банктын Тарифтерине ылайык төлөп берүүгө милдеттенме алат.

4.2. Банктын эсептешүү-кассалык тейлөө жана башка операциялар боюнча кызматынын наркы, ошондой эле Кардардын төлөм өткөрүү шарттары банктык кызмат көрсөтүүлөргө Банктын Тарифтеринде берилген, алар Интернет тармагында, www.keremetbank.kg дареги боюнча Банктын расмий веб-сайтында, ошондой эле Банктын бөлүмдөрүнүн маалымат такталарында жайгаштырылган.

4.3. Банк, эсепти тейлөө боюнча Тарифтерди бир тараптуу негизде өзгөртө алат. Өзгөртүлгөн Тарифтер Интернет тармагында, www.keremetbank.kg дареги боюнча Банктын расмий веб-сайтында, ошондой эле ө алган Банктын бөлүмдөрүнүн маалымат такталарында жайгаштырылуу жолу менен алар күчүнө киргенге чейин кеминде 10 жумуш күнү аралыгында Кардарга маалымдалат.

4.4. Келишим боюнча кардар эсебин тейлөө үчүн банк тарабынан жекече тарифтер белгиленүүсү мүмкүн.

4.5. Кардар, эсеп боюнча Кардардын тапшырмаларын аткаруу менен байланыштуу болгон Банктын жана/же үчүнчү жактардын бардык чыгашаларынын ордун толтуруп берүүгө милдеттүү.

4.6. Банктын кызматтарына төлөө, операция күнүнө карата тиешелүү валютага Банк тарабынан белгиленген валюта курсун конвертациялоо аркылуу, Кардардын кайсыл болбосун эсебинен акцептсиз эсептен алып салуу жолу менен жүзөгө ашырылат. Кардар, өз эсебинен көрсөтүлгөн кызматтары үчүн комиссияны биринчилик акцептсиз тартипте эсептен алып салууга тапшырма берет.

## 5. Пайыздарды чегерүү тартиптери жана эсептешүү тартиптери

5.1. Банк, Келишим шарттарына ылайык, Кардарга аманат суммасын, ошондой эле, аманат суммасына кошуп эсептелинген пайыздарды төлөп берүүгө милдеттенет. Пайыздарды чегерүү, аманаттар келип түшкөн күндөн кийинки күндөн тартып жана аны Кардарга кайтарып берүү күнүнө чейинки күнгө чейин, Келишимде көрсөтүлгөн эсептен алып салууга чейин жүргүзүлөт. Эсептөөдө айдагы күндөрдүн иш жүзүндөгү саны колдонулат, жыл 365 күнгө тең кабыл алынат.

5.2. Аманат толукталган учурда толукталган суммасыга пайыздарды чегерүү, толукталган күндөн кийинки күндөнт тартып аткарылат.

5.3. Банк, Келишим шарттарына ылайык Кардарга аманат суммасын, ошондой эле, аманат суммасына кошуп эсептелинген пайыздарды төлөп берүүгө милдеттенет.

5.4. Кардар, Келишим шарттарына ылайык, аманат суммасын жана ага кошуп эсептелинген пайыздарды Келишимде көрсөтүлгөн чен боюнча талап кылууга укуктуу.

## 6. Жеңүүгө болбогон күч шарттары

6.1. Банк жана / же Кардар акылга сыярлык иш-аракеттер менен алдын-ала көрө албаган же алдын ала албаган жеңүүгө болбогон (форс-мажордук) кырдаалдардан улам келип чыккан Келишим боюнча өз милдеттенмелерин жарым-жартылай же толугу менен аткарбаганы үчүн Банк жана/же Кардар жоопкерчиликтен бошотулат. Женүүгө болбогон (форс-мажордук) кырдаалдарга табигый кырсыктар, мамлекеттик төңкөрүштөр, төңкөрүштөр, террордук актылар, жарандык башаламандыктар, өрт жана жер титирөөлөр, өкмөттүн, мамлекеттик органдардын, банк секторундагы көзөмөлдөө жана контролдоо органдарынын иш-аракеттери, мыйзам актылары кирет (бирок алар менен чектелбейт), Банктын жана/же Кардардын көзөмөлүнө алына албаган Келишимдер, ошондой эле башка жагдайлар.

6.2. Ушул Эреженин 6.1-пунктунда белгиленген жагдайлар келип чыккан учурда, Келишимдин кайсыл болбосун тарабы форс-мажордук жагдайларга таянуу менен ошол жагдайлар келип жеткенден тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен Келишимдин экинчи тарабына кат жүзүндө билдирүүгө тийиш. Форс-мажордук жагдайларга таянып жаткан тарап, аларды тастыктоо үчүн компетенттүү мамлекеттик органдын документин берүүсү зарыл.

## 7. Тараптардын жоопкерчилиги

7.1. Банк, эгерде Кардар өзү көрсөткөн банктын күнөөсү боюнча төлөм тиешелүү нукта аткарылбаган болсо, алардын каржы абалынын келип чыккан жагдайлар үчүн жооп бербегендей сыяктуу эле, корреспондент-банк же үчүнчү банк тарабынан жол берилген чыгымдар, катачылыктары, калтырып кетүүлөр же төлөмдүн кармалып калуусу үчүн да жоопкерчилик тартпайт.

7.2. Банк, эгерде Кардар тарабынан төлөм документтеринде алуучунун же алуучу-банктын реквизиттерин туура эмес көрсөткөндүгү орун алган болсо, ошондой эле Банктын күнөөсү болбогон башка учурлардан улам, акча каражаттарынын кармалып калуусу же жоголуп кетүүсү менен байланыштуу орун алышы мүмкүн болгон кармалып калуусу, жоголуп кетүүсү же башка абалдары үчүн жоопкерчилик тартпайт.

7.3. Банк менен Кардардын ортосундагы маалымат алмашуу почта, телекс, факс, электрондук байланыш же жеке колуна тапшыруу жолу менен ишке ашырылат. Банк, аталган ыкмада маалыматтарды берүү учурунда келип чыккан катачылыктан, ошондой эле почта, аба жана темир жол кызматтары тарабынан корреспонденцияларды кармап коюу, туура эмес жеткирүү же жоготуп жиберүүдөн улам зыянга тиешелүү кандай болбосун доомattарды жокко чыгарат.

7.4. Келишим, ушул Эреже жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, Кардардын эсеби боюнча операцияларды токтото туруу, акча каражаттарын (операция, бүтүмдөрдү) тоңдуруу, эсеп боюнча операция өткөрүүдөн баш тартуу, ошондой эле Келишимди жокко чыгаруу жана Кардардын

эсебин жабуу, Банктын жоопкерчилигинин келип чыгуусунун негизи болуп саналбайт.

7.5. Келишимди жана ушул Эреженин шарттарын аткарбагандык же тиешелүү нукта аткарбай койгондук үчүн тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

**Ушул Эреже банктык Банктык эсептерди ачуу жана жүргүзүү Келишиминин, Банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсеп Келишиминин бир бөлүгү болуп саналат жана аткаруу үчүн милдеттүү болуп эсептелет.**

**“Керемет Банк” ААКсында банктык эсептерди жана банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсепти ачуунун Эрежелерине карат №1-тиркеме**

Сүрөтүн салыштыруу жолу менен аралыктан туруп идентификациялоо жана верификациялоо учурундагы операциялардын чектөөсү.

| *Операциянын түрү* | *Белгиленген чектөөлөр* |
|---|---|
| Товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө максатындагы которуулар (алуучу-резиденттердин пайдасына) | Операциянын максималдуу суммасы: 30 000 сом; бир ай ичиндеги которуулар суммасы: 60 000 сом. |
| Товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө максатындагы которуулар (алуучу-резидент эместердин пайдасына) | Операциянын максималдуу суммасы: 30 000 сом; бир ай ичиндеги которуулар суммасы: 60 000 сом. |
| Жеке адамдар ортосундагы которуулар (резиденттер ортосунда) | Операциянын максималдуу суммасы: 15 0000 сом; бир ай ичинде которуулар суммасы: 30 000 сом. |
| Которуулар (резидент эместердин катышуусунда) | Операциянын максималдуу суммасы: 15 0000 сом; бир ай ичинде которуулар суммасы: 30 000 сом. Төлөөчү жана алуучу тууралуу маалымат, төлөм билдирмесинин курамында берилүүсү камсыз кылынууга тийиш. |
| Мамлекеттик бюджеттин пайдасына которуулар | Чектөөсүз |
| Нак акча алуу | Операциянын максималдуу суммасы: 15 0000 сом; айына жалпы сумма: 30 000 сом. |
| Электрондук акчалардын ордун жабуу | НПК стандарддык жол-жоболорун өткөрүү менен ачылган, Кыргыз Республикасынын резидентинин өздүк банктык эсебине акча каражаттарын чегерүү менен чектөөсүз. |
| Юридикалык жактан же жеке ишкерден жеке адамдын пайдасына которуулар | Операция, мурда аткарылган төлөмдү кайтарып берүү менен байланыштуу учурду эске албаганда, тыюу салынган (мисалы, товар же кызмат көрсөтүүдөн баш тартканда). |
| Банктык эсеп/электрондук капчыкты толуктоо | Максималдуу балanска чектөөнүн алкагында чектелүүсүз. |
| Чектелген функционалдык банктык эсептин/электрондук капчыктын максималдуу балансы | 30 000 сом |